DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Мамрасулов К.М.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК СТАТУСУН ЖАЗЫК-УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ

*Мамрасулов К.М.*

# УГОЛОВНО-ПРАВОВОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ ПРАВОВОГО СТАТУСА НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

*K. Mamrasulov*

# CRIMINAL-LEGAL REGULATION OF THE LEGAL STATUS OF MINORS

*УДК: 343.34*

*Жашы жете электердин кылмыш-укуктук статусун аныктоо учурдагы актуалдуу суроолордун бири катары таанылат. Макалада жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин кылмыш укуктук коргоодо мүнөздүү белгилер, өзгөчөлүктөр, кылмыш кодексиндеги жаңы новеллалар боюнча суроолор талдоого алынган. Макаланын максаты жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоодогу алардын укуктук абалынын укуктук табияты талдоого алуу аркылуу алардын мазмундук жактарын, өзгөчөлүгүн аныктоо саналат. Макаланы талдоодо бир канча жалпы илимий жана атайын илимий усулдар колдонулду. Тактап айтканда тутумдук, тутумдук-түзүмдүк, грамматикалык, формалдуу-логикалык усулдар колдонулду. Макаланын жыйынтыгында Кыргызстандын кылмыш укугунда жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоону жөнгө салуудагы мыйзам чыгаруучунун жандашуусу, аркылуу учурдагы жашы жете электердин кылмыш-укуктук коргоонун жалпылыгы жана өзгөчөлүктөрү аныкталды.*

***Негизги сөздөр**: жашы жете электер, бала, жаш бала, кылмыштуулук, кылмыш-жаза мыйзамы, кодекс, эл аралык укук, жаза, мамлекеттик укуктук саясат.*

*Определение уголовно-правового статуса несовершеннолетних сегодня признано одним из самых актуальных вопросов. В статье анализируются особенности правовой защиты прав и свобод несовершеннолетних, специфика их защиты, вопросы нововведений в уголовном кодексе. Целью статьи является определение содержания и особенностей правового положения несовершеннолетних в уголовном законодательстве путем анализа правовой природы их правового положения. При анализе статьи использовались общенаучные и частно-научные методы познания. В частности, использовались системные, системно-структурные, грамматические, формально-логические методы. В результате статьи через подход законодателя в регулировании защиты прав и свобод несовершеннолетних в уголовном праве Кыргызстана, посредством чего были выявлены общность и специфика современной уголовной защиты прав несовершеннолетних.*

***Ключевые слова**: несовершеннолетние, ребенок, маленький ребенок, преступность, уголовное право, кодекс, международное право, наказание, государственная правовая политика.*

*The definition of the legal status of juveniles today is recognized by one of the most pressing issues. The article analyzes the specifics of legal protection and the freedom of minors, the specifics of protection, issues of innovations in the criminal code. The purpose of this article is the definition of the content and specifics of the legal provisions of juveniles in criminal law through the analysis of the legal nature of their legal provisions. In the analysis of the article used general scientific and especially scientific methods of cognition. In particular, systematic, system-structural, grammatical, formal-logical methods were used. The result of the article is the approach of the legislator in regulating the protection of the rights and freedoms of juveniles in the criminal law of Kyrgyzstan, through which the public and the specifics of modern criminal law were revealed.*

***Key words:** juvenile, child, small child, crime, criminal law, code, international law, punishment, state legal policy.*

Жашы жете электердин укуктук абалы, анын ичинде жазык-укуктук коргоо учурдун актуалдуу суроолорунун бири катары саналат. Анткени жашы жете электердин кылмыштуулугу, жашы жете электерге карата кылмыш жасоо динамикасы туруктуу калыптанып, жалпы кылмыштуулуктун массасында бир канча чоң көлөмдү камсыз кылууда.

Учурдагы Кыргызстандагы криминогендик абал бир канча кооптонууну жаратат. Анткени кылмыштуулуктун деңгээли бир канча жогору бойдон калууда. Дагы бир өзгөчөлүк катары кылмыштуулуктун жалпы массасында жашы жете электердин тарабынан кылмыштын жасалышы менен аларга карата жасалган кылмыштардын саны туруктуу болуп, жалпы кылмыштуулуктун курамында өзгөчө орунду ээлөөдө.

Бул өз кезегинде мамлекеттин саясатынын, анын ичинде укуктук саясатынын багыттарын бир канча учурдагы коомдук мамилелердеги адекваттуу багыттарын аныктоону талап кылууда.

Жашы жете электердин кылмыштуулугу аларга карата жасалган кылмыштардын жалпы динамикасы албетте бир канча көңүл бурууну талап кылуу менен укук коргоо органдарынын жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча натыйжалуу күрөшүүнү шарттайт.

Белгилей кетчү нерсе, жашы жете электерге карата жасалган кылмыштардын ичинде оор жана өзгөчө оор кылмыштардын саны дагы бир канча туруктуу пайызды түзөт. Бул кылмыштар коомдогу бир канча кооптуу социалдык феномен катары келип чыгуу менен жашы жете электердин конституциялык укук жана эркиндиктерин козгойт.

Жашы жете электердин укук жана эркиндиктери бир гана улуттук мыйзам актыларында эмес, бир катар эл аралык ченемдик актыларда бекилиши алардын укук жана эркиндиктеринин манилүүлүгүн гана анык-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



табастан алардын маңызын дагы аныктайт.

Мына ошондуктан кандай гана мамлекет болбосун өзүнүн улуттук мыйзам актыларын иштеп чыгуу менен бирдикте жалпы таанылган эл аралык нормаларды улуттук мыйзам актыларына имплементациялоо зарылдыгын дагы карашат.

Кандай гана өлкөдө болбосун жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоонун зарыл болгон шарттарын аткаруу милдети алдыга сүрүлөт.

Акыркы мезгилдеги Кыргызстандагы укуктук реформалар бир катар олуттуу алдыга карай кадам таштады десе болот. Айрыкча негизги мыйзамыбыз болгон Конституциябыз жашы жете электердин социалдык, экономикалык укук жана эркиндиктерин аныктап гана калбастан, кепилдиктерди дагы аныктады.

Жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин камсыз кылууда укуктук жактан коргоо анын ичинде кылмыш укуктук жактан коргоо бир канча маанилүү.

Кыргызстан учурдагы укуктук реформалардын натыйжасында айрыкча жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоо боюнча бир катар ченемдик актыларга толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизди. Жашы жете электер боюнча курактык критерийлер бир канча так аныкталды. Айрыкча жашы жете электердин укуктарын кылмыш куугунтугунда камсыз кылуу максатында кылмыш процесстик кодекске бир топ олуттуу өзгөрүүлөр киргизилди.

Бул өз кезегинде жашы жете элек кылмыш субъектилерин, ошондой эле жабырлануучулардын укук жана эркиндиктерин камсыз кылууда өз натыйжасын берет деген ойдобуз.

Учурдагы Кыргызстандагы кылмыш укуктук саясат гуманизациялоо менен бирдикте кылмыш укуктук жоопкерчиликтеги жашы жете электердин укуктары боюнча репресивдүү усулунан компромисстик усулдарга бир канча артыкчылык бере баштады. Бир катар беренелер декриминализацияланып, бир катар беренелердеги жаза санкциялары жеңилдетилди.

Мамлекеттин бул укуктук саясатын карабастан жашы жете электердин кылмыштуулугунун деңгээли туруктуу бойдон калууда. Көптөгөн эксперттердин көз карашында кылмыштуулуктун курагы жашаруу менен, кылмышка кошо катышуу сыяктуу факторлор учурдагы жашы жете электердин кылмыштуулугундагы тенденция катары карооого мүмкүнчүлүк берет.

Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык 2020-жылдын башына карата өлкөнүн калкынын 34,6 пайызын балдар жана жашы жете электер түзөт [1, 3-6-бб.].

Мына ошондуктан жазык укуктук жактан жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоо учурдагы актуалдуу суроолордун бири катары таанылууда.

Айта кетүү орундуу жашы жете электердин укуктарын жазык укуктук коргоодо кылмыштын субъектиси, жабырлануучу, айыпталуучу, соттолуучу сыяктуу статустар каралган.

Жашы электердин укуктарын камсыз кылуунун кепилдиги катары Кыргыз Республикасынын Конституциясы саналат. Конституциянын 27-беренеси [2] балдардын социалдык жактан адеп ахлактык, дене-боюнун, руханий жактан өнүгүүсү үчүн зарыл болгон, ошондой эле балдардын кызыкчылыктарын коргоо принципбин камсыз кылат.

Эл аралык укукта «бала», « өспүрүм, « жашы жете элек» деген түшүнүк аппараттары калыптанган. Бул терминдер өз кезегинде жазык укуктук мыйзам актыларында бекилген.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жазык кодекси 1997-жылы кабыл алынып, алгачкылардан болуп жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоо боюнча жоопкерчиликти өз алдынча главада караган [3].

Ал главада жашы жете электердин жазык жоопкерчилиги, жазык укуктук таасир этүүнүн башка чаралары каралган. Ошондой эле жаза түрлөрү жана аны дайындоонун өзгөчөлүктөрү каралган.

Жазык кодекси жабырлануучу түшүнүгүн камтыган эмес. Ал эми жазык процессуалдык мыйзамынын жаңы 2021-жылдагы редакциясы бул боштукту толтуруп, 5-беренедеги негизги түшүнүктөрдүн 16 пунктунда [4] «жабырлануучу-бала» деген түшүнүк киргизилип ал - 18 жашка чыга элек, кылмыш менен дене боюна, моралдык жана (же) материалдык зыян келтирилген жак катары таанылган. Жазык укуктук мамиледеги «жабырлануучу» жогоруда келтирилген зыяндын бирөөсүнө кабылган адамды айтууга болот.

Айта кетүү орундуу учурдагы жазык укуктук жактан жашы жете электердин укуктарын коргоо мамлекеттик укуктук саясатка дагы көз каранды.

Белгилей кетүү керек 2019-жылдагы «жазык», «жоруктар жөнүндө» кодекс, «жазык процессуалдык» кодекс, медиация жөнүндө, пробациялык көзөмөл сыяктуу мыйзам актылары кабыл алынган.

Бул мыйзам актыларынын мазмуну коомдук мамилелер чөйрөсүндөгү жазык укуктук жоопкерчилик, укук жана эркиндиктерин коргоо боюнча мамлекеттин укуктук саясатынын негизги багыттарын аныктады.

Мамлекеттик укуктук саясат кылмыштуулук чөйрөсүндөгү мамилелерди декриминализациялоого, депенелизациялоого, гуманизациялоого багытталуу менен укуктук саясаттын каарлоо, репрессивдик усулдарынан компромисстик усулдарга карата багыт алгандыгын ачыктайт. Мунун катарында жашы жете электердин укук жана эркиндиктери коргоо дагы сыяктуу суроолор каралган.

Айта кетүү орундуу 2019 жылдардан кийин жазык укуктук реформалардын натыйжасында жашы жете

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



электердин укук жана эркиндиктерин коргоо боюнча бир катар жаңы беренелер менен толукталган [5].

Тактап айтканда жаза түрлөрүн колдонууда жашы жете электердин укуктарына кол салуу үчүн бир канча катаал жаза санкциясы каралган (65 б ЖК), оордотуучу жагдай (75б ЖК), пробациялык көзөмөлдүн жашы жете электердин жыныстык кол тийбестигине кол салган учурда колдонулбайт.

Жашы жетпегедердин жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыштар үчүн шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууга жол берилбейт, айыптоо өкүмүнүн эскириши колдонулбайт. Жашы жете электерге карата жазык укуктук таасир этүү чаралары бир канча кеңейтилген.

Айта кетүү орундуу «жашы жете элек», «жаш бала» түшүнүгү киргизилген. Демек Кыргыз Республикасынын жазык кодексинде жашы жете электердин укуктарын коргоо бир канча жакшыртылган.

2021-жылдагы Кылмыш-жаза кодекси дагы жашы жете электердин укуктарын жазык укуктук коргоо жаатында дагы бир кадам жасалды. Бул жазык кодексинде «жашы жетпеген» түшүнүгү унификацияланып «бала» түшүнүгү киргизилди [6].

2021-жылдагы жаңы кылмыш процессуалдык кодекси жашы жете электердин укуктук статусу боюнча бир канча жаңы түшүнүк аппараттары киргизилди.

КПКнин 5-беренесинде балдар иштери боюнча адистешкен тергөөчү, прокурор, судья, балдардын иштери боюнч адистешкен адвокат түшүнүгү, күбө бала киргизилди.

Демек жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоо боюнча коомдук мамилелердин чөйрөсүн жакшыртуу боюнча жаңы жандашууну талап кылууда.

Белгилүү кылмыш теоретиги А.В. Наумовдун оюу боюнча «учурдагы кылмыштын объектиси толук кандуу иштебей жатат. Баланы коомдук мамилелер призмасы аркылуу кароо, баланын абсалюттук баалуулугун төмөндөтөт» деген ойду айтат [7, 47-б.].

Көптөгөн окумуштуулар «атайын жабырлануучу» деген түшүнүктү киргизүү сунушун карашат. Кылмыш-жаза кодекси жашы жептегендердин статусун бир канча дифференциациялап 14 жашка чейинки, 14-16 жашка чейинки, 16-18 жашка чейинки куractарды караган квалификациялык белгини караган.

Эл аралык ченемдер мындай дифференцияны караган эмес жана жалпы бала түшүнүгү менен 18 жашка чыга элек адамды тааныган.

Жаңы кылмыш-жаза кодексинде бул дифференциация боюнча балдарга карата бир канча кылмыш курамдары каралган.

Демек кылмыш-кодекси түзүмүндө жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин коргоо боюнча бир катар новеллалар менен толукталды.

Жашы жете электердин укук жана эркиндиктерин жазык укуктук коргоодо бул коомдук мамилелерди өз алдынча институт катары тааныды;

– жашы жете электердин укук жана эркиндиктери өз ара бири-бири менен байланышкан тутумдан турат;

– жазык укуктук жөнгө салууда жашы жете электер, субьект, объект катары коргоого алынган;

– жашы жете электерге карата жасалган кылмыштардын курамында куракtык дифференциация каралган, 14 жашка чейинки, 14-16 жаша чейинки, 16-18 жашка чейинки градациялоо каралган.

**Адабияттар:**


1. Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2015-2019. Годовая публикация. - Б., 2020. - С. 3-6.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган. (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №59. Мыйзамы менен күчүнө киргизилген).
3. Уголовный кодекс Кыргызской Республики от 1 октября 1997 года №68.
4. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык кодекси 2021-жылдын 28-октябры №129.
5. Кыргыз Республикасынын Жазык Кодекси 2017-жылдын 2-февралы №19 (КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилди).
6. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябры № 127
7. Наумов А.В. Российское уголовное право. Общая часть. Курс лекций. - М., 1996. - С.47.
8. Мамрасулов К.М., Жайнаков Ш.А. нарушение прав детей обвиняемых по закону в Кыргызской Республике. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 9. С. 104-106.
9. Мамрасулов К.М., Орозбаева Б.А. Особенности уголовной ответственности несовершеннолетних в соответствии с уголовным законодательством Кыргызской Республики. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 12. С. 30-33